***DOI:10.26104/NNTIK.2023.56.60.061***

*Минбаев Д.А.*

# УЛУТТУК СПОРТТУК КҮРӨШ МЕНЕН МАШЫККАН ЖАШ БАЛБАНДАРДЫН СПОРТТУК КОЛЛЕКТИВДЕ ПАТРИОТТУУЛУККА ТАРБИЯЛООГО ЖАНА АЛАРДЫН ӨЗ АРА МАМИЛЕЛЕРИН АНЫКТОО

*Минбаев Д.А.*

# ВОСПИТАНИЕ ПАТРИОТИЗМА В СПОРТИВНОМ КОЛЛЕКТИВЕ ЮНЫХ БОРЦОВ, ЗАНИМАЮЩИХСЯ НАЦИОНАЛЬНОЙ СПОРТИВНОЙ БОРЬБОЙ И ОПРЕДЕЛЕНИЕ ИХ ВЗАИМООТНОШЕНИЙ

***D. Minbaev***

# EDUCATION OF PATRIOTISM IN THE SPORTS TEAM OF YOUNG WRESTLERS ENGAGED IN NATIONAL WRESTLING, AND THE DEFINITION OF THEIR RELATIONSHIP

*УДК: 792.2:394.24*

*Бул макалада Кыргыз улуттук спорттук күрөшү менен машыгышкан жаш балбандардын спорттук коллективде патриоттуулукка тарбиялоого жана алардын деңгээли, патриоттук сезимдеринин өнүккөнү, спорттук тобунда божомолдогон жумуш планы, балбандардын формалдуу эмес мамилелеринин түзүлүштөрүн божомолу окуу-машыгуу процессине жана мугалим-машыктыруучусуна жасаган мамилесинин деңгээли, балбандардын өздөрүнүн мугалим-машыктыруучусу менен өз ара мамилелеринин көрсөткүчтөрү ачылган. Балбандардын спорттук иш-аракеттеринде булчуң-кыймыл сезими, кабылдоо, адам топтогон билим жана буга байланыштуу пайда болгон кызыкчылыктар чоң роль ойнойт. Мазмунду жана кабылдоонун багытын жана кабылдоонун багытын алдын-ала тажрыйба менен шарттоо-кабылдоонун маанилүү мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн бири; ал анын багытталгандыгын шарттайт.*

***Негизги сөздөр:*** *жаш балбандар, спорттук коллектив, патриоттуулукка тарбиялоо, өз ара мамиле, мугалим-машыктыруучу, методикалык сунуштар, тарбиялоо процесси, сапаттар, касиеттер.*

*В данной статье рассматриваются вопросы воспитания патриотизма в спортивном коллективе молодых борцов, занимающихся Кыргызской национальной спортивной борьбой, и их уровень, развитие патриотических чувств, прогнозируемый план работы в спортивной группе, прогнозирование структуры неформальных отношений борцов, уровень отношения борцов к учебно-тренировочному процессу и учителю-тренеру, взаимодействие борцов со своим учителем-тренером. Мышечно-двигательное чувство, восприятие, накопленные человеком знания и связанные с этим интересы играют большую роль в спортивной деятельности борцов. Обуславливание содержания и направления восприятия и направления восприятия предварительным опытом является одной из важных закономерностей восприятия; это обусловливает его направленность.*

***Ключевые слова:*** *юные борцы, спортивный коллектив, воспитание патриотизма, взаимность, учитель-тренер, методические рекомендации, процесс воспитания, качества, свойства.*

*This article discusses the issues of patriotism education in the sports team of young wrestlers engaged in the Kyrgyz national wrestling, and their level, the development of patriotic feelings, the projected work plan in the sports group, forecasting the structure of informal relationships of wrestlers, the level of attitude of wrestlers to the training process and the teacher-coach, the interaction of wrestlers with their teacher-coach. Musculoskeletal feeling, perception, accumulated human knowledge and related interests play an important role in the sports activities of wrestlers. Conditioning the content and direction of perception and the direction of perception by prior experience is one of the important laws of perception; this determines its orientation.*

***Key words:*** *young wrestlers, sports team, education of patriotism, reciprocity, teacher-coach, methodological recommendations, the process of education, qualities, properties.*

Балбандарды патриоттуулукка тарбиялоодо психологиялык жактан даярдыгынын бөлүктөрү болуп, алардын ишенимдүүсү болот. Ошондуктан көптөгөн адистердин [1,2,3,5] ж.б. тарабынан сунушталган методикаларына таянып балбандар жана мугалим-тренерлер үчүн атайын сурамжылоо баракчасын иштеп чыктык. Сурамжылоо аркылуу 12-14 жаштагы 100 балбандардын өзүнө баа берүүсүн жана мугалим-тренерлер тарабынан алардын патриоттуулукка тарбияланган деңгээлин экспертик-баалоо жолу менен изилдедик. Изилдөөлөрдүн негизинде үч топтук балбандардын (жогорку, орто, төмөнкү) ар кандай деңгээлде өнүккөн патриоттук сезимдери аныкталды. Ар бир топко тиешелүү болгон көрсөткүчтөрү, алардын мугалим-тренерлери менен аңгемелешүүлөрдүн негизинде чогултулду.

Патриоттуулукка тарбиялоонун изилдөөдө алардын бир катар бөлүктөрү: окуу-машыгууларга, спорттук мелдештерге, спорттук топко жана коллективге, билим алууга, окууга, жүрүм-турумдун нормаларына жана эрежелерине кылган мамилелери аныкталды.

Балбандардын өздөрүнүн патриоттуулукка тарбиялоодогу баалоосунун жалпы көрсөткүчү 97,80 баллды түздү, бул балбандардын орто деңгээлде тарбиялангандарына туура келет, бул көрсөткүч эксперттердин баалоосу боюнча, 91,15 баллды тузуп, алардын тарбияланганы төмөнкү деңгээлге туура келет. Баалоолордун айырмачылыгы 6,65 баллга тең болду (Р 0,01).

Балбандар өздөрүн-өздөрү баалоо жана эксперттердин баалоолорунун көрсөткүчтөрүнүн салыштыргандыгынын жыйынтыгынан эки топтогу балбандар аныкталды. Биринчи топтогу балбандардын 65,0% өздөрүн патриоттуулукка тарбияланганын адекваттуулугу (окшош) мүнөздөлүп, алардын өздөрүн-өздөрү баалоолору орто эксперттер койгон баалар менен бирдей. Балбандардын жоопторунда патриоттуулукка тарбиялангандары 35,0% жогорулатып көрсөтүлгөн. Мындай айырмачылыктарды жаш балбандардын патриоттуулук программасын иш жүзүндө колдонууда көңүлгө алыш керек. Сурамжылоонун негизинде алынган фактылар (көрсөткүчтөр) бизге төмөнкүлөрдү айтууга мүмкүнчүлүк түздү: жаш балбандар патриоттуулукка тарбиялагандарын кээ бөлүктөрүнөн жогору (M=4,07+10), ошол эле убакта эксперттер аларды төмөнүрөөк баалашат (M=3,79+0,13).

Жаш балбандарды патриоттуулукка тарбиялоону жогорулатууга (көрсөтүүгө) кылган аракеттери, алардын каалоолорун жогорку даражада көрсөтөт.

Сурамжылоонун көрсөткүчтөрүн салыштырмалуу талдоодо балбандардын өздөрүн-өздөрү, эксперттердин патриоттуулукка тарбиялангандыктарын баалоодо, балбандар спорттук машыгууларга болгон мамилесинин деңгээлин жогорулатып баалашкан (P 0,05) Ушундай эле айырмачылыктар балбандардын билим алууга болгон мамилесинде да байкалат.

Ошондуктан патриоттуулукка тарбияланган деңгээлин аныктоодо, эксперттик баалоонун көрсөткүчтөрүн көңүлгө алдык. Балбандарды жалпы патриоттуулукка тарбиялангандары эксперттер тарабынан 3,79 баллды түздү. (5 баллдын чегинде) Кээ бир патриоттуулуктун бөлүктөрүнөн баалоолор мындан да төмөн болгон. Ошентип спорттук машыгууларга 3,60 баллга, билим алууга болгон мамилелердин деңгээли 3,44 баллга бааланган. Патриоттуулукка тарбиялоонун критерийлери боюнча, бир катар патриоттуулуктун бөлүктөрү ар дайым жана кээ бир ишмердүүлүктүн (иш аракеттерде) түрлөрүндө сезилет.

Ошентип, жаш балбандарды патриоттуулукка тарбиялоо процессинде пайда болгон реалдуу мүмкүнчүлүктөрдү реализациялоо керек. Патриоттуулуктун бөлүктөрүн төмөн бааланышы, жаш балбандарды патриоттуулукка тарбиялоодогу программанын мазмунун жана алардын салмагын, каржаттарын жана жолдорун (ыкмаларын) конкреттөөгө божомолдотот.

Индивидуализациялоо принцибин жаш балбандарды патриоттуулукка тарбиялоодо колдонуу (киргизүү), алардын түзүлгөн сапаттарынын жана касиеттеринин деңгээлин билүү керек.

Патриоттуулук, инсандын комплекстүү сапаты жана касиети катары, инсандын спорттук топто өз ара мамилесин түзүүдөгү факторлордун өбөлгөсү болот. Жаш балбандардын спорттук топтогу түзүлгөн өз ара мамилелерин билүү үчүн изилдөөдөн алынган көрсөткүчтөргө талдоо жүргүзгөнгө аракеттендик. Инсандардын ортосундагы өз ара мамилелерди билип алуу үчүн топто (n-25) сурамжылоо өткөрдүк.

Бардык респонденттер сурамжылоого тартылган: «Спорттук топтогулардын ичинен кимди топтун капитаны (лидери) катары тандайсыз?». Респонденттер алардын топтогу рейтинги боюнча үчөөнүн бирин сунушташты. Андан кийин аларга, өздөрү туура тандап алган инсанды негиздөөгө мүмкүнчүлүк берилди.

*1-таблица*

**Жаш балбандардын спорттук тобунда божомолдогон жумуш планы**

| Жаш балбандардын катардагы номерлери | Спорттук топтогу божомолдоо иштери | Алган добуштардын саны |
|---|---|---|
| 1 | 3,4,5,6,7 | 5 |
| 2 | 7,15,16 | 3 |
| 3 | 1,14 | 2 |
| 4 | 1 | 1 |
| 5 | 1,6,13 | 3 |
| 6 | 1,5,11,12 | 4 |
| 7 | 1,2,11 | 3 |
| 8 | 9,16,17,19 | 4 |
| 9 | 8,10,18 | 3 |
| 10 | 1,7,9 | 3 |
| 11 | 6 | 1 |
| 12 | 6,20,22 | 3 |
| 13 | 5,22 | 2 |
| 14 | 3,15 | 2 |
| 15 | 2,14,16 | 3 |
| 16 | 2,8,15,17 | 4 |
| 17 | 8,16,17 | 3 |
| 18 | 9,17 | 2 |
| 19 | 8,20 | 2 |

1-таблицада оңой эле жумушчу (машыгуу) тармактагы спорттук топто 6 добуш алган №1-балбан урматка ээ болгонун байкаса болот. № 6-балбан 5 добуш алган кийинки орунда турат, топтун башка мүчөлөрү төмөнкү орундарды алышкан. Бул эки балбан патриоттуулукка жакшы тарбиялангандарын көрсөтүштү. №1-балбан – 4,50 балл (5 баллдан), №6-балбан – 4,37 балл.

Бул эки балбандын көп добуштарды алгандары спортсмендердин (балбандардын) өздөрүнүн айтууларына негизделген: «Спорттук топ толугу менен ага ишенет», «алардын спорттогу жетишкендиктерин баалашат», «аларга ишенсе болот».

Ошол эле кээ бир балбандардын топтун капитанынын ролун аткарууну каалабагандарын байкаса болот (№4,19) Аларда патриоттуулукка тарбиялоонун төмөнкү деңгээли аныкталган. Жумушчу (формалдуу) жана жумушчу эмес (формалдуу эмес) түзүлүштөрүнүн (структураларын) салыштырганда, алардын ортосунда анча деле көп эмес айырмачылыктарды айтууга болот. Негизинен, жаш балбандар, спорттук топтогу жолдошторун жумушчу жеке маанилүү сапаттарга жана касиеттерге бөлүшпөйт. Ошол эле убакытта патриоттуулук, системалык сапат катарында, окутуу-машыгуу тобунда инсандык аралык мамилелерди түзүү фактору болот.

Балбандардын патриоттуулуктары, алардын канчалык зарылчылыгына карата, ушул топтогу ар бир балбан үчүн кызыгууларына жараша болот. Спорттук практикадан балбандардын Кыргыз улуттук спорттук күрөшкө, мекенине, мугалим-машыктыруучуга, спорттук тобуна берилгендиктерин байкаса болот. Ошол эле учурда терс окуяларды дагы байкоого болот.

*2-таблица*

**Жаш балбандардын формалдуу эмес мамилелеринин түзүлүштөрүн (структураларынын) божомолу (n-25)**

| Жаш балбандардын катардагы номерлери | Жаш балбандардын спорттук топтогу формалдуу эмес мамилелеринин матрицасы | Алган добуштарынын саны |
|---|---|---|
| 1 | 2,3,4,5,6,7 | 6 |
| 2 | 1,3,15 | 3 |
| 3 | 1,2,14,17 | 4 |
| 4 | 1 | 1 |
| 5 | 1,6,13 | 3 |
| 6 | 1,5,10,11,20 | 5 |
| 7 | 1,8,18 | 3 |
| 8 | 7,16 | 2 |
| 9 | 10,16 | 2 |
| 10 | 6, 9 | 2 |
| 11 | 6, 11 | 2 |
| 12 | 11,13 | 2 |
| 13 | 5, 12, 14 | 2 |
| 14 | 3, 13, 15 | 2 |
| 15 | 14, 16 | 2 |
| 16 | 2, 15, 17 | 3 |
| 17 | 3, 16, 18 | 3 |
| 18 | 7, 9, 17 | 3 |
| 19 | 20 | 1 |
| 20 | 6, 19 | 2 |
| 21 | 12, 22 | 2 |
| 22 | 13, 14, 21 | 3 |

Ушул божомолду аныктоо максатында эки окутуу-машыгуу спорттук топтордун биримдүүлүктөрүн аныктоо үчүн изилдөө жүргүздүк. В.А. Бобровскийдин [4] жана Ю.Л. Ханиндин [6] методикаларын биздин иштин максатына ылайык жеткиликтүү кылып (өзгөртүп) 100 жаш балбандарды сурадык.

Сурамжылоонун жыйынтыктарынан ишенимдүү көрсөткүчтөрдү алуу максатында, аларга төмөнкүчө талдоо жүргүздүк: окуу-машыгуу топтун биримдүүлүгү; бирдей эмес өнүккөн патриоттук сезимдерин сындоо, баалоо деңгээли.

Эки топтогу аныкталган биримдүүлүктүн деңгээлин бир кыйла жогору, алар: биринчи окуу-машыгуу топто 22, 30 баллга, экинчи топто болсо 21, 50 барабар болду. Топтордогу биримдүүлүктүн мындай жогорку көрсөткүчтөрү, ушул жаштагы балбандардын экинчи жылы машыгууларына байланыштуу болушу мүмкүн.

Балбандардын патриоттук сезимдеринин келип чыгыштары эки анкеталык суроонун жыйынтыктары боюнча аныкталган.

1. Ушул окуу-машыгуу топко өзүңүздүн тиешеңизди кандай баалайсыз?
2. Эгерде сизге мүмкүнчүлүк берилип калса

ылайыктуу (шарт пайда болуп калса) сиз кыйналбай эле, машыгууларды улантуу үчүн башка мугалим-машыктыруучуга өтөсүзбү?

Балбандардын патриоттуулук сезимдеринин пайда болушуна, алардын окуу-машыгууларга жана мугалим-машыктыруучуга нравалык мамиле кылууга түздөн-түз өбөлгө түзөт. Патриоттук сезимдери жетиштүү деңгээлде түзүлгөн балбандар, өздөрүнүн ушул спорттук топтун толук мүчөсү катары эсептейт жана аларда башка спорттук топко өтүүгө каалоолору жок болот. Ошол эле убакытта патриоттук сезимдери төмөн өнүккөн балбандар, башка спорттук топко өтүүнү каалашат. Ошентип, биздин божомолубуз, изилдөөдөн алынган жыйынтыктар менен аныкталды.

Жогоруда айтылгандардын негизинде, мугалим-машыктыруучунун жана балбандардын өз ара мамилелеринин өзгөчөлүктөрүн, аларды патриоттуулукка тарбияланганддыктарын карап чыгууга аракеттендик. Өз ара мамилелерди аныктоодо В.А. Бобровскийдин [4] жана Ю.Л. Ханин [6] методикаларын, биздин иштин шартына жараша ыңгайлаштырдык. Мындай методика менен изилдөөлөр эки окутуу-машыгуу топторго өткөрүлдү (n-100) Ар бир балбан өзүнчө, өз ара мамилелерди түзүүдө өзүнүн мугалим-тренерине патриоттуулукка тарбиялоонун үч бөлүктөрүн: гностикалык, эмоционалдык жана жүрүм-турумдарын баалашкан.

Балбандардын өздөрүнүн мугалим-машыктыруучусуна түзүлгөн мамилелери, экинчи жактан спорттук педагог менен балбандардын өз ара мамилелери – алардын адискөйлүк-педагогикалык ишмердүүлүккө болгон мамилелерине байланыштуу. Балбандар өздөрүнүн мугалим-машыктыруучусун жогорку деңгээлде бааалашат (кадырлашат), бул жерде төмөн баалар аз. Ошол эле убакытта Г.Д. Бабушкин [1], М.Л. Двойнин [5] ж.б. адистер башкача көрсөткүчтөрдү айтышат - спортсмендер тренерлерге баа берүүдө, сынга алышат. Мындай ой пикирлердин бирдей эместиги, биздин оюбузча, алардын жаш курактык жеке жана машыгуу үчүн тандап алган спорттун түрлөрүнүн өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу. Мугалим-машыктыруучуга жеке баа берүүнү изилдөөдө, патриоттук сезимдери жогорку деңгээлде өнүккөн балбандар көбүрөөк гностикалык, эмоционалдык жана жүрүм-турумдук мамилелерди жогору баалашат. Тескерисинче, патриоттук сезимдери жакшы өнүкпөгөн балбандар – төмөнүрөөк баалашат.

Ошентип, патриоттуулукка тарбиялоодо балбандардын, өзүнүн мугалим-тренерине ак ниеттүү мамилени түзүүнүн маанилүү далили болот.

**Адабияттар:**


1. Бабушкин Г.Д. Исследование отношений в системе тренер-спортсмен. // Психология общения и проблемы коммунистического воспитания. - Омск: ОГПИ, 1991. - С. 92-94.
2. Бердикожоев С.К. Воспитание патриотизма и гражданственности подрастающего поколения. // Современные проблемы теории и практики физической культуры и спорта: Мат. III Межд. научно-практич. конф., посвящю 10-летию Международных Иссык-Кульских игр и 55-летию Кыргызской государственной академии физической культуры и спорта. - Бишкек, 2010. - С. 192-193.
3. Блудов Ю.М., Плахтиенко В.А. Личность в спорте». - Советская Россия, 1987. – 155 с.
4. Бобровский В.А. Патриотическое воспитание юных борцов. / Автореф. дисс. ... к.пед.н.: 13.00.04. - Омск, 1997. – С. 22.
5. Двойнин М.Л. Формирование коллектива борцов высокой квалификации в условиях подготовки к ответственным соревнованиям: Автореф... дисс... к.пед.н.: 13.00.01. - Омск, 1994. – С. 24.
6. Ханин Ю.Л. Психология общения в спорте. - М: Физкультура и спорт, 1989. – С. 255.